**Айнура САЛАХИДИНОВА – БАЛАМА** 𝐼𝑘 +

с. Жылдызбек Турсунбаев
о.Руслан Нарынбаев

Кел балам тай-тай,
Басасың жай-жай,
Адамды тартып өзүңө.
Кумарым канбай,
Жытың бир балдай,
Ырахат алам өзүмө!

**КАЙЫРМА:**
*Күлгөнүң жоюп сезим капасын,*
*Канатың жайып өсүп жатасың.*
*Эр жигит болуп балап чоңойгун,*
*Элиңдин алып ыйык батасын.*

Ай сымал жаркын, күн сымал жаркын,
Жылдыздай жанган жүзүңдөн.
Боорума кысып, жүрөгүм ысып,
Жашоонун баркын түшүнгөм.

Душмандан качпай, мекенди сактай,
Намысын корго жериңдин.
Калкыңа күйүп, кыргызды сүйүп,
Сыймыгы болгун элиңдин.